**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК
КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

# Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXII-сессиясынын №1-ТОКТОМУ

04.10.2023-жыл Базар-Коргон шаары

Элдик Курултайга Базар-Коргон шаарынан делегаттарды шайлоо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 29-август 2023-жылдагы "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө" № 215 сандуу Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын №216-б сандуу буйругун, Базар-Коргон райондук администрациясынын 2023-жылдын 15-сентябрындагы №138-б сандуу "Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жөнүндөгү буйругун, 18.09.2023-жылкы чыгыш №01-17/956 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун каты, Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чаралардын календардык планында көрсөтүлгөн тийиштүү пунктары боюнча карап чыгып талкуулап,депутаттардын сунуш пикирлерин эске алуу менен Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 29-август 2023-жылдагы "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө" № 215 сандуу Жарлыгын негизинде Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чаралардын календардык планынын тийиштүү пунктары боюнча колдоого алынсын.
2. Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынга катыша турган өкүлдөрүн шайлоо үчүн өтүлүүчү жыйындардын өткөрүү графиги жана жыйындарды өткөрүүгө жооптуу депутаттардын тизмеси №1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүү мезгилинде коомдук тартипти жана коомдук коопсуздукту сактоо жагы Базар-Коргон РИИБнүн башчысына жүктөлсүн.
5. Токтомду аткаруу жана уюштуруу иштерин алып баруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жүктөлсүн.
6. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

7. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
8. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин**
**2023- жылдын 4-октябрындагы**
**I-чакырылышынын кезексиз XXIIсессиясынын**
**№1-токтомуна №1-тиркеме**

**Элдик Курултайга Базар-Коргон шаарынан делегаттарды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынга катыша турган өкүлдөрүн шайлоо үчүн өтүлүүчү жыйындардын өткөрүү графиги жана жыйындарды өткөрүүгө жоопту депутаттары.**

| № | Шайлоо участкасы | Элдин саны | Жыйын өтүүчү датасы, убактысы | Жыйын өтүүчү орду | Көрсөтүлгөн делегаттардын саны | Жооптуу депутаттар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Юбилейная 2131 | 4550 | 16.10.2023ж Саат 10:00 | №30 ӨАтабекова мектеби | 15 | Абдисаматова Р. |
| 2 | Дзержинский-1 2132 | 3151 | 16.10.2023ж Саат 14:00 | №3 Бабур мектеби | 10 | Токтасинов С. |
| 3 | Дзержинский-2 2448 | 3249 | 16.10.2023ж Саат 14:00 | №3 Бабур спорт залы | 11 | Сатаров Р. |
| 4 | Московский 2133 | 3259 | 17.10.2023ж Саат 10:00 | №2 Нишанбаев мектеби | 11 | Караева Г. |
| 5 | Базар-Коргон 2375 | 3441 | 17.10.2023ж Саат 14:00 | №1 Макаренко мектеби | 12 | Бадалбаев Б. |
| 6 | Бөкөнбаев 2376 | 2448 | 17.10.2023ж Саат 16:00 | Ж. Бөкөнбаев мектеби | 8 | Кадиров М. |
| 7 | Ленин-МТФ 2422 | 4980 | 18.10.2023ж Саат 10:00 | Т. Жумабаева мектеби | 17 | Далбаев К. |
| 8 | Кеңеш 2135 | 4901 | 18.10.2023ж Саат 14:00 | №26Худайбердиев 2-корпус | 17 | Джамалдинов З. Курбанова М. |
| 9 | Комсомол 2134 | 4522 | 18.10.2023ж Саат 16:00 | №4 Навои мектеби | 15 | Юсупов Д. |
| 10 | Жети-Кошкон 2377 | 2296 | 19.10.2023ж Саат 10:00 | №24 Нурдавлетов мектеби | 8 | Базаркулова Г. |
| 11 | Сай-Коргон 2421 | 4600 | 19.10.2023ж Саат 14:00 | У. Колдошова мектеби | 16 | Көчөров Б. Нуркамилов Т. |
| 12 | Беш-Бадам 2136 | 1719 | 19.10.2023ж Саат 16:00 | №23 Эралиев мектеби | 6 | Садыков З. Мажиев Н. |
| 13 | Кара-Үнкүр 2141 | 4601 | 20.10.2023ж Саат 10:00 | Көкчөгөз спортзал | 16 | Нажиманов К. Өсөркулов Т. |
| 14 | Бабаш-Ата 2140 | 5730 | 20.10.2023ж Саат 15:00 | №11 Алыкулов мектеби | 19 | Аттокуров К. Омурзаков А. |
| 15 | Арпачы 2428 | 2352 | 20.10.2023ж Саат 16:00 | Абдрашев мектеби | 8 | Абдураимова Ж Маматова С. |
| 16 | Су у башы 2423 | 3353 | 21.10.2023ж Саат 10:00 | Юсупов мектеби | 11 | Турдиева Б. Юсупов У. |
| | **Жалпысы:** | **59152** | | | **200** | |

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасы:** **К. Анарбеков**

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин**
**2023-жылдын 4-октябрындагы**
**I-чакырылышынын кезексиз XXII сессиясынын**
**№1- токтомуна №2- тиркеме**

**Элдик Курултайга Базар-Коргон шаарынан делегаттарды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы.**

| **№** | **Ф.А.А** | **кызматы** |
|---|---|---|
| 1. | Анарбеков Курманбек Кубанычович | Төрага |
| 2. | Өсөркулов Талантбек Суеркулович | Депутат |
| 3. | Досматов Нурали Жумалиевич | Депутат |
| 4. | Абдуллаев Дастан | Айыл башчы |
| 5. | Турдукулов Медет | Айыл башчы |

**Базар-Коргон шаардык**
**кеңешинин төрагасы:** **К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

# Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXII-сессиясынын №2-ТОКТОМУ

04.10.2023-жыл Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаарына караштуу Чубак-Ажы Жалилов айылында жайгашкан 2,0га. жер аянтындагы таштандыларды жыйноочу жайга, таштандыларды кайра иштетүүчү цех куруу үчүн ички инвестор “Азамат-Бол” ЖЧКсы менен келишим түзүп тийиштүү иш аракеттерди жүргүзүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 27-беренесинин 1-бөлүмүнүн 1,11-пункттарынын, 34-беренесинин 2-пунктун аткарууга алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна жана 04.10.2023-жылкы чыгыш №01-17/410 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXII-сессиясы **токтом кылат**:

**1.** Базар-Коргон шаарына караштуу Чубак-Ажы Жалилов айылында жайгашкан 2,0 га жер аянтындагы таштандыларды жыйноочу жайга, таштандыларды кайра иштетүүчү цех куруу үчүн ички инвестор «Азамат-Бол» ЖКЧсы менен келишим түзүп тийиштүү иш аракеттерди жүргүзүүгө, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарында беренелерине ылайык жана 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому менен бекитилген Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижарага укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобонун негизинде түзүлгөн комиссиядан чечим алууну, Базар-Коргон шаарынын башкы адиси-юрист М.Калыков, жетектөөчү адиси, жер адиси, жана Муниципалдык менчикти башкаруу

департаментинин башчысы Н.Мамбеталиевтердин корутундуларынын негизинде, жана башка мамлекеттик мекемелердин уруксат, корутундуларынын негизинде иш алып баруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Т.О.Осмоновго жүктөлсүн.

2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.О.Осмоновго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Мирзахмедовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**